**Ишкердик ишти жүргүзгөн жеке жактар тарабынан жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу тартиби.**

Ушуну менен «Грин Телеком Сервис» ЖЧКсы (мындан ары текст боюнча – Оператор) Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 396-беренесин жана 398-беренесинин 2-бөлүгүн жетекчиликке алып, ишкердик ишти жүргүзгөн жеке жактарга (мындан ары текст боюнча – Кардар) ишкердик ишти жүргүзгөн жеке жактар тарабынан жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу тартибине кошулуу келишимин (мындан ары – Келишим) төмөндө көрсөтүлгөн шарттарда Оператор менен түзүү жөнүндө мөөнөтсүз сунушун (мындан ары – Ачык оферта) жолдойт.

Ачык оферта Кардар тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык жөнөкөй электрондук кол тамга менен Келишимге кол коюу жолу менен же сунуш кылынган Келишимге жалпысынан ушул Ачык офертаны Акцепттөө жолу менен «O!Business» мобилдик тиркемесинде (мындан ары текст боюнча – Мобилдик тиркеме) Электрондук документтерге макул болуу баскычын («Ырастоо» баскычын же Мобилдик тиркеменин форматында жол берилген башка ырастоочу жоопту) басуу аркылуу Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 387-б. 3-п., 395-б., 398-б., 399-б., 402-б. ылайык кабыл алынышы мүмкүн.

Келишим өзүнчө келишимдерге жана Келишимде көрсөтүлгөн башка документтерге кол коюуда жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу боюнча Оператор менен Кардардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу максатында, Оператордун сайтында жана/же Мобилдик тиркемеде жарыяланган Ачык офертаны Акцепттөө жолу менен түзүлөт.

Бул Ачык оферта күчүн жоготту деп таанылган учурга чейин, же болбосо Ачык офертанын жаңы редакциясы жарыяланган учурга чейин күчүндө болот.

Бул Ачык офертада жана Келишимде төмөнкү терминдер жана алардын аныктамалары колдонулат:

**Авторизациялык маалыматтар** – Кардар Мобилдик тиркемеге кирүүдө киргизе турган (ИСН жана телефон номери, Мобилдик тиркеме тарабынан талап кылынуучу башка маалыматтар) жана (же) Мобилдик тиркемеге кирүү укугун тастыктай турган (логин жана пароль) маалыматтар, алардын тууралыгы жана актуалдуулугу үчүн Кардар өз алдынча жоопкерчилик тартат.

**Акцепт** – Кардардын Ачык офертада көрсөтүлгөн иш-аракеттерди аткаруу жолу менен Ачык офертанын шарттарына жана Келишим түзүүгө толук жана шартсыз макулдугу.

**Телефон номери** –Мобилдик тиркемеге кирүүдө Кардар тарабынан көрсөтүлгөн мобилдик телефондун номери.

**Жөнөкөй электрондук кол тамга** – Электрондук документке кошулган же мындай документ менен башкача түрдө байланышкан жана Электрондук документке кол койгон адамды аныктоо үчүн колдонула турган электрондук формадагы маалымат.

**Электрондук документ** – Оператордун автоматташтырылган системаларын колдонуу менен Мобилдик тиркемеде түзүлгөн электрондук формадагы документ:

- жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугу;
- Мобилдик тиркемеде жол берилген башка документтер.

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Жөнөкөй электрондук кол тамга катары Кардардын Авторизациялык маалыматтары колдонулат.

1.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Жөнөкөй электрондук кол тамга менен кол коюлган электрондук формадагы маалымат өз колу менен коюлган кагаз жүзүндөгү документке барабар Электрондук документ катары таанылат. Кардардын жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуусу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз колу менен кол койгондогудай эле юридикалык кесепеттерди жаратат.

## 2. ЭЛЕКТРОНДУК ДОКУМЕНТКЕ КОЛ КОЮУ ТАРТИБИ

Электрондук документке кол коюу үчүн Кардар:

2.1. Мобилдик тиркемеде Электрондук документке макул болуу баскычын («Ырастоо» баскычын же Мобилдик тиркеменин форматында жол берилген башка ырастоочу жоопту) басышы керек. Ушунун негизинде Электрондук документке макул болгон учурда Кардар Мобилдик тиркемеде тиешелүү макул болуу баскычын басуу менен өз ниетин тастыктайт, ал эми макул болбогон учурда макул болуу баскычын басуу боюнча аракеттерди жасабайт.

2.1. Кардардын камтылган Авторизациялык маалыматтары жана Мобилдик тиркемеде Кардардын Электрондук документке макул болуу баскычын («Ырастоо» баскычын же Мобилдик тиркеменин форматында жол берилген башка ырастоочу жоопту) басканы жөнүндө жазуулар (логдор) Электрондук документке Жөнөкөй электрондук кол тамга менен кол койгон жана Келишим түзгөн Кардарды так көрсөткөн маалымат болуп эсептелет.

## 3. МААЛЫМАТТЫ САКТОО

3.1. Оператор төмөнкү иш-аракеттер жөнүндө жазуулардын (логдордун) сакталышын камсыз кылат:

- Кардардын Мобилдик тиркемеде Электрондук документке макул болуу баскычын («Ырастоо» баскычын же Мобилдик тиркеменин форматында жол берилген башка ырастоочу жоопту) баскандыгы жөнүндө.

3.2. Кардардын Акцепттөө фактысын каттоо Оператор тарабынан электрондук түрдө жүргүзүлөт жана Оператордун аппараттык-программалык комплексинде сакталат. Оператордун аппараттык-программалык комплексинен алынган көчүрмөлөр талаш-тартыштарды кароодо, анын ичинде соттук тартипте кароодо далил катары колдонулушу мүмкүн.

## 4. ТАРАПТАРДЫН КЕПИЛДИКТЕРИ, УКУКТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИ

4.1. Келишим түзүү менен Кардар төмөнкүлөрдү тастыктайт жана кепилдейт:

4.1.1. Мобилдик тиркемеде каттоодон өтүү учурунда көрсөтүлгөн Телефон номеринин колдонуучусу (абоненти) болуп саналарын;

4.1.2. Мобилдик тиркемеде каттоодон өтүү учурунда көрсөтүлгөн Телефон номерине, ошондой эле телефондун өзүнө үчүнчү жактар кире албай тургандыгын;

4.1.3. Мобилдик тиркемеде аралыктан идентификациялоодон жана верификациялоодон өтүү үчүн берилген маалыматтар так, актуалдуу, туура болуп саналарын жана аларды Кардар өзү бергенин;

4.2. Тараптар алынган жана (же) берилген маалыматтардын жана электрондук документтердин купуялуулугун сактоого милдеттүү.

4.3. Оператор төмөнкү учурларда жоопкерчилик тартпайт:

4.3.1. Кардар жеке маалыматтарын туура эмес көрсөткөн учурда, өзү колдонуучу (абонент) болуп саналбаган Телефон номерин көрсөткөн учурда;

4.3.2. Кардардын Телефон номерине, башка Авторизациялык маалыматтарына үчүнчү жактар кирген учурда.

4.4. Кардар Мобилдик тиркеме аркылуу, ошондой эле Кардардын жабдуусунда орнотулган тиркемелер жана программалар аркылуу же анын Мобилдик тиркемедеги идентификациялык/аутентификациялык/авторизациялык маалыматтарын колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын Кардардын атынан Кардардын уруксаты менен же уруксаты жок жасаган ар кандай иш-аракеттери үчүн, анын ичинде Операторго көз каранды болбогон себептерден улам кирүү мүмкүнчүлүгүн жоготкон учурда тобокелдиктерди жана жоопкерчиликти өзүнө алат.